**Академик У.Асаналиев атындагы Кыргыз мамлекеттик геология, тоо-кен иши жана жаратылыш ресурстарын өздөштүрүү университети**

**Тоо-кен технологиялык колледжинин**

# Педагогикалык Кеңешинин №2 протоколу

**16.05.2022-жыл**

**Катышкандар:**

**Педагогикалык Кеңешинин 14 мүчөсү**

## Күн тартиби

1. Тоо-кен технологиялык колледжинин 2022-2023-окуу жылына абитуриенттерди кабыл алуу боюнча Техникалык комиссиянын курамын бекитүү

*Баяндамачы: Тоо-кен технологиялык колледжинин директору Аракеев М.У.*

2. Окуу сабактардын сапаттуу өтүлүшүн, студенттердин сабакка катышуусун көзөмөлдөө жана окуу төлөмдөрү боюнча кураторлордун отчеттору

*Баяндамачылар: Кураторлор: Жамангулова Н.Т., Жусупов Р.Р.*

3. Тоо-кен технологиялык колледжинин 2022-2023-окуу жылына абитуриенттерди кабыл алуу боюнча Техникалык комиссиянын курамын бекитүү

*Баяндамачы: Практика боюнча жетекчи: Жусупов Р.Р.*

4. Жайкы экземендик сессияга даярдануу жана өткөрүү

*Тоо-кен технологиялык колледжинин окуу иштери боюнча директордун орун басары Штыбаева О.Р.*

5. Кесипке багыт берүү боюнча профориентациялык иштерди уюштуруу

*Баяндамачы: Тоо-кен технологиялык колледжинин директору Аракеев М.У., ПОК*

6. Тоо-кен технологиялык колледжинин жобосун, миссиясын, колледжди өнүктүрүү стратегиясын талкууга коюу

*Баяндамачы: Тоо-кен технологиялык колледжинин директору Аракеев М.У.*

7. Ар кандай суроолор: Жаңы окуу жылына Колледжди окуу-усулдук куралдары менен камсыз кылуу

*Баяндамачы: Библиотека башчысы Белекова З.Д.*

1. Тоо-кен технологиялык колледжинин 2022-2023-окуу жылына абитуриенттерди кабыл алуу боюнча Техникалык комиссиянын курамын бекитүү

*Баяндамачы: Тоо-кен технологиялык колледжинин директору Аракеев М.У.*

Урматтуу Педагогикалык кеңешинин мүчөлөрү! 2022-2023-окуу жылына абитуриенттерди кабыл алууну уюштуруу үчүн техникалык комиссиянын курамын бекитишибиз керек. Колледжден сунушталган окуу-жардамчы кызматкерлеринин тизмесин карап чыгып, бул жылы курамга төмөнкү кызматкерлерибизди көрсөтүп, ачык добуш берүү менен бекитип алсак.

1. Аракеев М.У. – Кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы;
   Техникалык комиссиясынын мүчөлөрү:
2. Жамангулова Н.Т. – тоо-кен технологиялык колледжинин окутуучусу;
3. Исабекова В.Ш. – тоо-кен технологиялык колледжинин методисти.

Сиздерге ачык добуш берүү сунушталсын

Макул – баары, Каршы - жок

2. Окуу сабактардын сапаттуу өтүлүшүн, студенттердин сабакка катышуусун көзөмөлдөө жана окуу төлөмдөрү боюнча кураторлордун отчеттору

*Баяндамачылар: кураторлор: Жамангулова Н.Т., Жусупов Р.Р.*

*Тоо –кен технологиялык колледжинин 1-курс, ГК -10-21 группасынын куратору Жамангулова Назира Темировнанын отчету.*

Мага ГК-10-21 группасына куратор болуу милдети ушул жылдын 14-мартынан баштап тапшырылды. Группада жалпы тизме боюнча 32 студент, бирок бүгүнкү күнгө активдүү 23 студент бар, калган 9 студент тууралуу маалымат төмөндөгүдөй.

- Амангелдиев Айдар Эрназарович менен Табылдиев Арлен Махмудовичтин телефон номерлери табылбай жатат
- Асылбек уулу Таалайбек –Жумгалда, үй-бүлөлүү экен
- Бекмурза уулу Элдос – окубайм деп Россия Федерациясына ушул жылдын январь айында иштегени кетип калгандыгын апасы маалымдады
- Женишбек уулу Аскат – азыркы учурда Россия Федерациясында, жакындарынын айтымында жазында Кыргызстанга келип, окуусун улантам деген пикирин айткан, бирок жыйынтык жок. Контрагын 100% төктү
- Жоомарт уулу Гүлташыр – «Казахмыс Голд Кыргызстан» компаниясында иштейт, 27-мартта келет деген маалыматка ээ болгом, бирок бүгүнкү күнгө чейин келе элек

- Мукамбетов Мирлан Кубанычбекович - Бишкек шаарында, апасы менен болгон сүйлөшүүдөн кийин, 28-март күнү сабакка жиберем деген убадасын алгам, бул баладан да жыйынтык чыккан жок
- Чыныбеков Жандос Тынчтыкбекович – апасы Россия Федерациясына иштегени кеткендигине байланыштуу азыркы учурда Жандос Талас шаарында таянесинин колунда. Мамасы окута албайм деген жообун айтты
- Сагдылдаева Сымбат Канатбекович – ата–энеси медреседен окутабыз деген чечим чыгарышты.

Группадагы студенттердин жана ата –энелеринин телефон номерлери болушунча такталды. Ата - энелердин WhatsApp группасы уюштурулуп, 27 ата-эненин номерлери киргизилип, активдүү сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп иштешүүдөмүн.

Алгач маселе балдардын сабакка келүүсүндө болду. Бул үчүн атайын журнал уюштурулуп, ар бир күнкү сабакта ким канча убакыт кечигип келгендиги тууралуу каттоо жасалып, жуманын аягында ата–энелер группасына жөнөтүлүп келүүдө. Жүргүзүлгөн иштердин натыйжасында студенттердин сабакка келүүсү бир топ жакшырды. Бүгүнкү күндө окуу процессине дайыма катышкандардын саны 15-17ден кемибейт.

*Тоо –кен технологиялык колледжинин 2-курс, ГК -11-21 группасынын куратору Жусупов Рамис Рыскуловичтин отчету.*

Менин группамда жалпысынан 10 студент окуйт, алардын ичинен 2 студент дайыма сабака катышат, калган 8 студент иштегендигине же үй-бүлөлүк шарттарына байланыштуу толук катыша албай жүрүшөт. Мындан улам дагы да болсо, байланышты үзбөй, толук маалымат алып турганга аракет кылам. Студенттер байланышка чыкпай, таптакыр маалымат үзүлсө, мен аларды окуудан четтетүү боюнча билдирме калтырам!

**3.** Окуу практикасынын жыйынтыгы боюнча отчет:

*Баяндамачы*: *Жусупов Р.Р.*

Окуу өндүрүштүк практиканы – окуу графиги боюнча ГК-11-21 группасы 2022-жылдын 20-мартынан баштап 2022-жылдын 08-апрелине чейин Кыргыз Республикасынын улуттук илимдер академиясынын Машина таануу Институтунда өткөрүлдү. Практикага группадан 7 студент катышып, отчётторун тапшырышты, калган 3 студент практика белгисиз себептерден улам практиканы өтүшкөн жок.

**4.** Жайкы экземендик сессияга даярдануу жана өткөрүү

*Баяндамачы Окуу-иштери боюнча директордун орун басары Штыбаева О.Р.*

Жайкы экземендик сессиялар окуу графигинин негизинде 11-клаастын базасына 2022-жылдын 23-майынан 2022-жылдын 03-июнуна, ал эми 9-клаастын базасына 2022-жылдын 27-июнунан 2022-жылдын 01-июлуна

чейин жүргүзүлөт. Жазгы сессиянын расписаниеси түзүлдү. Жалпы сессия бүткөндөн кийин, калып калган сабактарга жайкы семестр уюштурулат.

5. Кесипке багыт берүү боюнча профориентациялык иштерди уюштуруу
*Баяндамачы: Тоо-кен технологиялык колледжинин директору Аракеев М.У., ПОК*

Тоо-кен технологиялык колледжинин директору Аракеев М.У. – Биздин колледжде профориентациялык иштерди уюштуруу абдан кызуу башталды, алгач эле колледж жаңы ачылгандыктан, биз биринчи өзүбүздүн Логотибибизди даярдадык жана буклеттерди чыгардык. Колледждин иштеп баштаганына аз гана убакыт болсо дагы – биз абитуриенттер үчүн видеоролик жасап, аларды колледжде иштеген мугалимдерибиз WhatsApp аркылуу бардык тааныгандарыбызга жөнөттүк. Менимче, мындай тез жайылтуу маалыматыбыз өзүнүн жемишин буюрса, алдыдагы кабыл алуу комиссиясында берет деп ишенем. Болжолдуу түрдө биз жаңы окуу жылына 250дөн ашык Абитуриенттерди кабыл алсак деген план койдук.

6. Тоо-кен технологиялык колледжинин жобосун, миссиясын, колледжди өнүктүрүү стратегиясын талкууга коюу. *Баяндамачы: Тоо-кен технологиялык колледжинин директору Аракеев М.У.*

Биз колледждин ишмердүүлүгү үчүн эң биринчи колледж жөнүндө жобо, миссия жана өнүктүрүү стратегиясын иштеп чыгып, талкууга коюп бекитип алышыбыз керек. Биз келечекте тоо-кен технологиялык колледжди канткенде өнүктүрө алабыз, башкача айтканда, жакынкы 5 жылдыкта студенттерге татыктуу билим берүү деңгээлин жогорулатуу максаттары коюлган. Эми бизде алдыга карай умтулуп, татыктуу кадрларды даярдоодо мыкты мугалимдер менен составды камсыздап, келечекке бирге кадам таштайлы. Жоболор менен ар бириңиздер таанышып, ой-пикирлериңиздерди калтырсаңыздар болот.

7. Ар кандай суроолор: Жаңы окуу жылына Колледжди окуу-усулдук куралдары менен камсыз кылуу: *Баяндамачы Китепкананын директору Белекова З.*

Саламатсыздарбы урматтуу колледждин жалпы жамааты. Сиздерден сураныч, мына колледж ачылып жаңы ишке киришип жаткандыгына жана биздин базабыз бир болгондугуна байланыштуу, студенттерди окуу-усулдук куралдары менен камсыз кылуу абзел. Урматтуу мугалимдер – китепканага өзүңүздөр окуу процессинде колдонуп жаткан усулдук куралдарыңыздардын авторлорун берсеңиздер жана канча көлөмдөгү китептер керек экенин толук жазып берсеңиздер, биз ошого жараша Заказ кылып, камсыздап берүүгө аракет кылабыз.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, Педагогикалык кеңеши,

**Токтом кылат:**

**I.** Тоо-кен технологиялык колледжинин 2022-2023-окуу жылына абитуриенттерди кабыл алуу боюнча Техникалык комиссиянын төмөнкү курамы бекитилсин:

1. Аракеев М.У. – Кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы; Техникалык комиссиясынын мүчөлөрү;
2. Жамангулова Н.Т. – тоо-кен технологиялык колледжинин окутуучусу;
3. Исабекова В.Ш. – тоо-кен технологиялык колледжинин методисти.

**II.** Окуу сабактардын сапаттуу өтүлүшүн, студенттердин сабакка катышуусун көзөмөлдөө жана окуу төлөмдөрү боюнча берилген кураторлордун отчеттору кабыл алынсын

**III.** Окуу таанышуу практикасынын отчету кабыл алынсын, практикага барбаган 3 студенттердин практикасы кайрадан уюштурулуп, куратору өз көзөмөлүнө алсын

**IV.** Жайкы экземендик сессияга даярдануу жана өткөрүү график боюнча жүргүзүлсүн, экзамендик сессиянын жүрүшүн көзөмөлдөө окуу иштери боюнча директордун орун басары О.Р. Штыбаевга жүктөлсүн

**V.** Кесипке багыт берүү боюнча профориентациялык иштерди уюштуруу улантылсын жана керектүү документтер, материалдар даярдалып түзүлсүн, бул иштин жүрүшүн Кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы М.У. Аракеев өз көзөмөлүнө алсын

**VI.** Тоо-кен технологиялык колледжинин жобосу, миссиясы, колледжди өнүктүрүү стратегиясы кабыл алынсын

**VII.** Колледжде сабак өтүп жаткан ар бир мугалим өзүнүн өтүп жаткан сабактары боюнча керектүү окуу-куралдарынын санын китепканага кагаз түрүндө беришсин.

**ТКТ колледжинин директору** — Аракеев М.У.

**Педагогикалык Кеңешинин катчысы** — Исабекова В.Ш.

# ЯВОЧНЫЙ ЛИСТ

«16» 05 2022г.

| № | Ф.И.О. | Подпись |
|---|---|---|
| 1 | Аракеев М.У. | |
| 2 | Штыбаева О.Р. | |
| 3 | Назаров С. | |
| 4 | Джаналиев Ж.М. | |
| 5 | Тыныстанова А. | |
| 6 | Бейшенкулова Д.А. | |
| 7 | Дурмонбаева З.А. | |
| 8 | Жусупжанова К.О. | |
| 9 | Болжуров М.О. | |
| 10 | Жамангулова Н.Т. | |
| 11 | Мамырбаева Н.К. | |
| 12 | Манапова З.Н. | |
| 13 | Жусупов Р.Р. | |
| 14 | Алымбек уулу Чынгыз | |
| 15 | Туркманов Т. | |
| 16 | Ташматов Р.Э. | |
| 17 | Аширбаев Б.Т. | |
| 18 | Самибаева А. | |
| 19 | Исабекова В.Ш. | |

20 Беленова З.Ю.